УДК 338.436

БИРГЕЛЕШКЕН АЙЫЛ ЧАРБА КООПЕРАТИВДЕРИН УЮШТУРУУ

ОРГАНИЗАЦИЯ СОВМЕСТНЫХ СЕЛЬСКОХОЗЯЙСТВЕННЫХ КООПЕРАТИВОВ

ORGANIZATION OF JOINT AGRICULTURAL COOPERATIVES

Сагынбеков Ж.С., б.и.к. доцент, табият таануу кафедрасы, Талас мамлекеттик университети
Абдрахманова В.А., окутуучу, табият таануу кафедрасы, kg_ minera @mail.ru

Аннотация

Базар экономикасынын талабына карата биргелешкен ири айыл-чарба кооперативдерин уюштурууда (кайра иштетүүчү дыйкан, фермер). Кыргызстанда толук шарттар бар. Чарбанын экономикасын көтөрүү үчүн кошумча азыктарды өндүрүүчү көмөкчү чарбаларды түзүү максатка ылайык болмок.

В Киргизии имеются условия для совместной организации крупных сельскохозяйственных кооперативов (перерабатывающих крестьянских, фермерских) на основе рыночной экономики. Для подъема экономики хозяйства, необходимо организовать подсобные хозяйств по производству мясо, овощи и др. продуктов, организация крупных кооперативов создает рабочие места, повышает уровень производство. Market economy requirements for large joint agricultural cooperatives (processing peasant, farmer) full conditions in Kyrgyzstan. For the rise of the economy, subsidiary farms in order to create additional products that would be in accordance with the production.

Ачкыч сөздөр: Базар экономикасы, фито, вет, зоо санитария, дыйкан, фермер, селекция, агробиоценоз, үрөн, биргелешкен чарба, көмөкчү чарба.

Ключевые слова: Рыночная экономика, фито, вет, зоосанитарии, земледелец, фермер, селекции, агробиоценоз, совместные хозяйства, бодсобные хозяйства.

Key words: Market economy, phyto, wet, pet sanitation, farmer, selection, agrobiocenosis, joit farm, botton farms

Актуалдуулугу: Базар экономикасына байланыштуу майда чарбаларды бириктирип, биргелешкен айыл чарба кооперативдерин уюштуруу азыркы учурда маанилүү. Бир эле учурда сапатуу азыктар өндүрүлүп, фито, ветсанитардык талаптар аткарылып, селекциялык иштер жүргүзүлмөк.

Максаты: бириккен ... чарбаларды уюштурууда жерди, малдарды азыктуулугуна карата пайдалануу, азык түлүктүн өлчөмүн, сапатын көтөрүү, чарбалардын экономикасын жогорулатуу адамдарды иш менен камсыздоо.

Базар экономикасынын күч алып турган учуру. Өндүрүлгөн айыл чарба азыктарына болгон атандаштык, фито, ветеринардык, зоотехникалык ж.б. талаптар өсүүдө жана өсө берет. Атаандашууда өндүрүлгөн айыл чарба азыктарынын өлчөмү, тазалыгы, сапаттуулугу боюнча бааланып, базардан өз ордун табуусу керек. Мындай деңгээлдеги азыктарды өндүрүп, базарга алып чыгуу үчүн азыркы майдаланган дыйкан, фермерлик чарбалар аткара албайт. Азыркы учурдагы чарбалардын уюшканына 20 жылдан ашты, өзгөрүү жок.

Ар бир дыйкан, фермер өз мүмкүнчүлүгүнө жараша дыйканчылык иштерди жүргүзүп жатышат.

Колдонулуп жаткан айыл чарба өсүмдүктөрүнүн сорттору, аргындары, малдардын тукумдары, аргындары белгиүү агро-зоо- биологиялык, селекциялык технологиянын

негизинде чыгарылган. Ар бири ыңгайлашкан агро-зоо- биоэкологиялык шарттарда өстүрүлгөн. Бул шарттардын 80% өндүрүштө сакталыш керек. Бирок өндүрүштө технологиялар толук колдонулбай, эрежелери сакталбай жатат. Алсак, **дыйканчылыкта:**

– агробиологиялык талаптар бузулууда (жерди айдоо, малалоо, культивациялоо, таптоо-тегиздөө ж.б.)

-үрөөн жетишсиз, сапаты начар (ар кандай сертификаты бар, башка мамлекеттерден алынып келген үрөндөр колдонулууда);

-which

-органикалык семирткичтерди колдонуу;

-өз убагында сугаруу, ж.б.

Фермерлик чарбаларда:

-азыктуулугу жогору болгон малдардын жоктугу

-мал багуудагы баш аламандык (тоюттандыруу, багуу ж.б.)

-жайыттардын өндүрүмдүүлүгү төмөн болушу

-зоо-вет эсептин начардыгы ж.б.

Келтирилген фактылар, эң негизги алынуучу азыктардын өлчөмүнө, сапатына терс таасир берип жаткандыгы б.а. дыйкан, фермер кетирген чыгымын актай албай жатышат. Ушул оор абалдан чыгууда, базар экономикасынын талабына ылайык азыктарды өндүрүүгө Кыргызстанда мүмкүнчүлүктөр барбы деген суроо туулат. Кыргызстан тоолуу өлкө, географиялык түзүлүшү, орун алышы, климаты, топурагы, өсүмдүктөрү, жаныбарлары боюнча айырмаланган дыйканчылык зооналар деңиз деңгээлинен 600 метрден 2800метр бийиктикте жайгашкан. Ушуга карата агробио зоонасы- Фергана, Нарын, Ысык-Көл, Чүй, Талас, Алай болуп бөлүнгөн. Нарын, Талас, Алай зооналары тоо арасындагы ойдуңдардан орун алып, дыйканчылыкты уюштуруу жагы башка зооналардан айырмаланып турат. Ушул зооналарга ири чарбаларды уюштуруу маселеси келип чыгууда. Бул багыттагы ишти уюштуруу Талас облусунун шартында карап көрөлү.

Талас облусу чакан област. Бирок бул областын климаты, жердин географиялык түзүлүшү, айыл чарба өсүмдүктөрү боюнча айырмаланган эки зоонага бөлүнөт.

1. Өрөөндүн батышында Манас, Кара-Буура, Бакай-Ата райондору жана Талас районунун жарым аймагы орун алган. Деңиз деңгээлинен 700-1100 м бийиктикте орун алып, климаты мээлүн. Жаан чачын жылына 200-400мм түзөт. Айыл чарба өсүмдүктөрүнүн 15-20 түрү өстүрүлөт. Дыйканчылык жакшы өнүккөн.

2. Талас районуна таандык болгон Каракол, Үч-Кошой өзөндөрү. Бул аймактардын айланасы Кыргыз, Талас тоолору менен курчалып, деңиз деңгээлинен 1950-2100м бийиктикте жатат. Климаты өзгөрмөлүү, жылына 300-600мм жаан чачын түшөт. Батыштан келген аба толкуну тоолорго урунуп, көтөрүлүп кетет. Чыгыштан келген муздак аба толкуну ойдуңдагы абаны сүрүп чыгарып, муздак аба ээлейт. Ушуга байланыштуу абанын температурасы өзгөрүп турат. Жаз май айында келет. Жай, күз айларынын мөөнөтү кыска, кышы узакка созулат. Айыл чарба өсүмдүктөрүнүн 5-7 түрү өстүрүлөт. Бул аймак мал чарбасына багытталган.

Бул эки зоонада дыйканчылык, фермерлик чарбаларды уюштурууда аймактын шарттарына, өсүүчү өсүмдүктөрдүн түрлөрүнө көңүл буру керек (вегетациялык фазалары кыска, сорттуу өсүмдүктөргө).

Жогорку зоонада айыл чарба жерлери чектелүү, көбүнчө жайыт тармагы орун алган. Ушуга байланыштуу дыйканчылык жана фермерлик чарбаны уюштурууга ыңгайлуу келет. Айыл чарба өсүмдүктөрүнөн тоют берүүчү өсүмдүктөр жакшы өсөт. Базарга алып чыгуучу азыктар өндүрүлбөйт. Өстүрүлгөн айыл чарба өсүмдүктөрү башаламан колдонулуп, (беде, экспарцет, чөп, саман ж.б.) дыйканчылыктан пайда түшпөйт. Ушундай абал малчыларда түзүлгөн. Ушуга байланыштуу дыйканчылык менен фермерлик чарбаны жана азыктарды кайра кайра иштетүүчү цехтерди бириктирип түзүү, маселеси турат. Мындай түрдөгү чарба бири-бирине байланышып, айыл чарба азыктары максатуу өндүрүлүп, кайрадан иштетилип,

пайдалуу колдонулмак. Тоюттун үнөмүнө карата малдар багылмак. Мындан сырткары базарга алып чыгуучу көмөкчү айыл чарба азыктары өндүрүлмөк (сабиз, пияз, капуста жемиштер, коен, каз, индук ж.б.). Ал эми, ылдыйкы зонада айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түрлөрү арбын өстүрүлгөндүктөн сүт багытындагы уйларды багуу натыйжалуу болмок. Талаачылыктан саан уйларга керектүү тоюттар топтолмок (сенаж, силос, аралаш тоют, жем ж.б.) малдардын сүт багытындагы уйлар өстүрүлүп, биргелешкен чарбанын экономикасы көтөрүлмөк. Мындай типтеги бириккен чарбаларда ишти уюштуруу, өндүрүштү жогорулатуу, базар экономикасынын талаптарын аткаруу ыратталмак жана жакшырмак. Ошону менен бирге өндүрүлгөн азыктардын өлчөмү, сапаты жогорулап зоо-ветеринардык селекциялык иштер так жүргүзүлмөк.

Кыргызстанда биргелешкен чарбаны уюштурууга мүмкүнчүлүктөр бар. Кыргызстанда жаңы жерлер өздөштүрүлүүдө. Ушул аймактарга биргелешкен чарбаларды түзүү максатка ылайыктуу. Биргелешкен чарбаларды түзүүдө:

- азыркы учурдагы мыйзамдарды өзгөртүү, бириндеген чарбадан иргелген чарбага өтүүнүн жолдорун иштеп чыгуу турат.

Мурда колхоз, совхоздорду жок кыла баштаганда топко, жааматка бөлүнгөн чарбаларды түзүү башталган. Кийин бириндеген дыйкан чарбасына айланган. Ошол кездеги топтошкон чарбалар базар экономикасына багытталган экен. Буларга жер, мал, техникалар берилген, бирок өндүрүштү уюштуруу жагы колго алынган эмес. Азыркы учурда уюштура албай жатабыз, колхоз, совхоздордо колдонулган фито-вет-зоо санитарияны колдоно албай жатабыз. Жерди иштетүү мал багуу, айыл чарба азыктарын өндүрүү селекциялык, санитардык иштерди дыйкандар, фермерлер аткара алышпайт, базар экономикасынын талабы аткарылбайт.

Кортунду:

Кыргызстандын шартында базар экономикасынын талабына ылайыктуу биргелешкен чарбаларды уюштуруу. Айыл-чарба азыктарынын түрлөрүн көбөйтүү, көмөкчү тармактарды уюштуруу, түшүмдү мол берүүчү өсүмдүктөрдү колдонуу, сүт, эт багытындагы малдарды өстүрүү- базар экономикасында туруктуу ордун табуу.

Жогорку зоонада айыл чарба жерлери чектелүү, көбүнчө жайыт тармагы орун алган. Ушуга байланыштуу дыйканчылык жана фермерлик чарбаны уюштурууга ыңгайлуу келет. Айыл чарба өсүмдүктөрүнөн тоют берүүчү өсүмдүктөр жакшы өсөт. Базарга алып чыгуучу азыктар өндүрүлбөйт. Өстүрүлгөн айыл чарба өсүмдүктөрү башаламан колдонулуп, (беде, экспарцет, чөп, саман ж.б.) дыйканчылыктан пайда түшпөйт. Ушундай абал малчыларда түзүлгөн. Ушуга байланыштуу дыйканчылык менен фермерлик чарбаны жана азыктарды кайра кайра иштетүүчү цехтерди бириктирип түзүү, маселеси турат.

Пайдаланган адабияттар:

1. Т.Е. Бурделев, А.А. Журавлев, В.Г. Жильцов, Т.П. Филипповский «Кышкы сүт өндүрүүнүн экономикалык анализи»

2. В. П. Урбан «Основы ветеринарии», «Колос» 1978 г

3. Б. Э. Дурбанов, М.Б. Айтматов, «Малдардын паразиттик ылаңдары», Бишкек – 2004 г.

4. В.А. Волошенко, «Подготовка кормов к скармливанию», Алматы – 1997 г.

Рецензент: Койчуманов З.Т., к.б.н., доцент ТалГУ